www.bizdin.kg электрондук китепканасы

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» сериясы

# Эшимкул менен Зуура
# Күлбаарам менен Асан
# Нуркан
# Жантай

17

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES OF KYRGHYZ REPUBLIC
NATIONAL CENTRE OF MANAS STUDIES AND ARTISTIC CULTURE
THE «MEERIM» INTERNATIONAL CHARITABLE FOUNDATION FOR SUPPORT OF CHILDHOOD AND MATERNITY

# ESHIMKUL AND ZUURA

# KULBAARAM AND ASAN

# NURKAN

# JANTAI

THE 17-TH VOLUME OF
«EL ADABIATY» (PEOPLE'S LITERATURE) SERIES

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

АЙТМАТОВ Ч. Т. – башкы редактор
АКАЕВА М. Д.

АКМАТАЛИЕВ А. А. – башкы редактордун орун басары

БОЛЖУРОВА И. С.
ИШИМКАНОВ К. К.
ЖАЙНАКОВА А. Ж.
КАКЕЕВ А. Ч.
КАРЫПКУЛОВ А. К.
КЕБЕКОВА Б. К.
КЫРБАШЕВ К. К.
МУСАЕВ С . М .
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө. Д.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

ЭЛ АРАЛЫК «МЭЭРИМ» КАЙРЫМДУУЛУК
ФОНДУСУ

# ЭШИМКУЛ МЕНЕН ЗУУРА
# КҮЛБААРАМ МЕНЕН АСАН
# НУРКАН
# ЖАНТАЙ

“ЭЛ АДАБИЯТЫ” СЕРИЯСЫНЫН 17-тому

КРУИАсынын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору, профессор
АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

*Түзгөндөр жана баш сөзүн жазгандар:*

*А. ЖАКЫПБЕКОВА,*
*С. ЕГИМБАЕВА,*
*Н. ӨМҮРЗАКОВА,*
*А. КАДЫРМАМБЕТОВА*

Бишкек — 2002
«Шам» басмасы

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

ББК 82.3 (2Ки)
Э— 98

Э—98 **«Эшимкул менен Зуура», «Күлбаарам менен Асан», «Нуркан», «Жантай»: Эпостор /** А. Акматалиевдин жалпы ред. астында: Баш сөзүн жаз. ж-а түз. А. Жакыпбекова, С. Егимбаева, Н. Өмүрзакова, А. Кадырмамбетова; Кырг. Улут. И. А. ж. б. — Б.: «Шам», 2002. — 376 б.— («Эл адабияты»).

ISBN 9967-10-072-9

Бул томдукта мурда жарык көрө элек кол жазмалар фондусундагы элдик дастандар топтолгон. Аларда окуя негизинен баласыздык, сүйүү, достук сыяктуу турмуштук көрүнүштөрдүн айланасында өнүктүрүлөт.

*Басмага Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.*

Р е ц е н з е н т т е р: филология илимдеринин кандидаттары К. КЫРБАШЕВ, М. МУКАСОВ

Э $\frac{4702300500}{\text{М } 455(11)-2002}$ 233-2002 ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 9967-10-072-9

© Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
© Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусу.
© «Шам» басмасы, 2002.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# ЧЫГАРМАНЫН ФИНАЛЫ — ТУРМУШ ФИЛОСОФИЯСЫ

«Нуркан» кол жазмасы окурмандар үчүн биринчи жолу сунуш кылынып жатат. Чыгарманын көлөмү чакан, сюжеттик-композициялык курулушу өтө жөнөкөй жана каармандары деле саналуу.

Окуя кыргыз элинин эпосторунда кеңири жайылган традициялуу мотив менен башталат б. а. Эшим деген кедей кемпири менен балалуу болбой, ар кандай ырым-жырымдарды жасап, мазарларга сыйынат. Бир күнү түш көрсө, ага аян берилет.

Балалуу болушуп, жашоонун кызыгы артып, куунап жатып калышат. Нуркан чоңойгондо атасы уулуна өмүрлүк жар издеп чыгат. Мындай салттуу көрүнүш да дээрлик бардык мурастарыбызда кездешет. Эшим жер кезип жүрүп бир самоорчуга жолугуп, андан Сатар деген байдын кызы бар экенин угуп, бирок кендирин кескен кедейликтин айынан кызынын колун суроодон айбыгат.

Сатар бай ал ойлогондой байлыгына чиренип, бирөөнү басмырлаган сараң болуп чыкпайт. Анын образына акылдуу карыянын мүнөзү топтоштурулган. Сатардын турмуштук принциби философиялуу: «бир жакшы менен бир жаман кошулушу керек, антпесе эки жакшы, же эки жаман баш кошсо жашоодо тең салмактуулук сакталбай калат». Ошондуктан, Эшим калп эле Сатарды сынамакка уулун «мурду бучук, көзү бүтүк, оозу кыйШык» деп мүнөздөсө да, анын «асмандан издегени жерден табылып», күндөй сулуу кызы Авазханды ага калыңсыз берүүгө макул болот. Ал Эшимди сыйлап, аттап-тондоп жиберет. Эшим айылын таң калтырып бир күндө эле байдын катарына кошулуп калат. Молдолук кылып жүргөн уулуна сүйүнчүлөйт.

Андан кийинки окуяда Авазхандын Нурканга кат жазышы, тезирээк кезигишүү жөнүндө самашы, кызды алып кетүүгө камылгалар, кудалардын алдыларына барышы баяндалат.

Кыздын жеңелери күйөө баланы сынайлы дешсе, «мурду бучук, көзү бүтүк, оозу кыйшык» жигитти таппай коюшат. Көрсө, Нуркан да маңдайынан нур төгүлгөн, көздөрүнөн балбылдап от чачкан, оозунда шекерлүү сөзү бар чечен жигит экен.

Нуркан үйлөнүп, жайланып калган мезгилде кудайдан периштелер келип, «жаныңды алабыз» дешет, ал «ата-энем карыган эле коштошуп келейин» дейт. Мына ушул чыгармада күтүүсүз бир аяктоо бар, атаэне менен баланын ортосундагы турмуштук, жашоодогу көз караштардын келишпестиги. Тактап айтканда, ата-энеси Нурканды көргөндө эле алар «менин жанымды тынч кое көр, меникин аман калтыра көр» деп аны коюп качып кетиштери, жалгыз гана Авазхан Нуркандын жанын аман калтырып, өзүнүкүн «ала көр» — деп кудайдан ырайым сурайт. Ошондо кудай анын тилегине жооп кылып, эки жаштын өмүрүн бири-бирине топук кылып жашаткан экен.

Чыгарманын финалы көп ойлорду пайда кылат. Балким, чыгарманын мындай күтүүсүз аякталышынын өзүндө ар бир өмүрдүн кымбаттыгы, асылдыгы жашырынып жаткандыр, мына ушунусу менен «Нуркан» кол жазмасы башкалардан айырмаланып турат.

*НУРГҮЛ ӨМҮРЗАКОВА,*
*филология илимдеринин кандидаты*

# НУРКАН

Эшимдин 70 жашка чыкканча баласы болбогон экен. 70ке чыкканда куда башарат берип, кыштын күнү чилдеде уктабай жатышты. Таңга жуук чал керегени, кемпир ашкананы карап кудайга мунажат кылып, капа болушуп жаткан экен. Кемпирдин түшүнө кирди: «Түшүмдө ай табактай күн чыгып туруптур. Бир жыгачта бир анар эзилип бышып туруптур. Ичин жарсам жалгыз дан, абышка-кемпир экөөбүз суусунубузду кандырып, артканын бөтөлкөгө куйдук.

—Алтындан кылган тарагым,
Алмадай баштын көркү экен.
Жибектей чачын тарадым,
Астыма душман кез келип,
Ак болот шамшар кылычым,
Оң колума кармадым,
Суургандын кылычы,
Суусагандын кымызы.
Абышка менен кемпирлер
Балалуу болуп жүрүпмүн.
Бар экен абышка кемпир ырысы».

Абышканын түштү жоруганы:

—Байбиче, түндөгү көргөн түшүңдө,
Оңдоптур кудай ишиңди.
Балалуу болот экенбиз,
Арзып жүргөн кезиңди.
Бир жыгачта бир анар,
Ичинде бар жалгыз дан,
Бир эркек көрөт экенбиз.
Суусунумду кандырса,
Ушу тууган баланын
Убайын көрөт экенбиз.
Алтындан кылган тарагың,
Алмадай баштын көркү экен,
Жибектей чачты тарадың.
Ак болот шумшар зулпукар.
Байбиче оң колуңа кармадың.
Курчтугу болот кылычтын,
Мизиндей уул төрөпсүң.
Кара чаар жолборстун,
Өзүндөй уул төрөпсүң.
Жаңгыздыгын билгизбей,
Жалпы жаткан элиме,
Алыстан душман киргизбей,
Байбиче абдан уул төрөпсүң.
Түндөгү көргөн түшүңө,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Нур толуптур ичиңе.
Карыганда Эшимдин,
Кара чаар жолборстой,
Эми кирди күчүнө.

Ушул убакта үч ай боюна бүтүп калган экен. Тогуз ай, тогуз күн, тогуз саат толготту. Эми чоң баканды орнотту. Уктап калган келин, кемпирдин баарын ойготту. Катын калач кирип чогулушуп: «Байбиче жакшы болуптур»— деп келип, толгоо бышып төрөй турганда, бир мастан кемпир келди. Ичин оңдоп, кемпир толготуп бүк түшүп, бала аягы менен тик түшүп, баланы мастан кемпир этегине ороп алып, катын-калачка көргөзбөй туруп алды. Кемпир же эркек, же ургаачы экенин билгизбей көргөзбөй отуруп алды. Эшим келди:

—«Ой, байбиче, эркекпи, ургаачыбы, көргөзсөң болбойбу?» — деди.

Кемпир:

—Көргөзсөм мага эмне бересиң?

—Эркек болсо саарыңа уй берем.

Сатарыңа пул берем — деди.

Эшим баланын үнүн укканда, чепкенин чечип, кийгизип, чеңгелдеп теңге түйгүздү. Кемпир баласын атасына берди. Атасы баласын сүйүп турган жери:

— Сай жакалай конуюн,
Сар ала кучкач болоюн.
Же өңүмбү түшүмбү,
Мен садагаң болоюн,
Көк ала кучкач болоюн.
Же өңүмбү, түшүмбү,
Кудайым колго тийгизди,
Сурап жүргөн кишимди.
Мен секетиң болоюн,
Баласы бакырып отурса,
Тилиңди берчи сурайын.
Бала алдына келгенде,
Оо, кемпир көйнөгүн кийгиз жыттайын,
Эми көңүлүм келип уктайын.
Айлымда катын-эркектер,
Жентекти союп мыктайын.
Жетине албай Эшим чал,
Жентегине бээ союп,
Картаңга казы жайнатып,
Кургурга куйрук карматып,
Малдан семиз сойдуруп.
Ак сакал кары-жашына,
Атын Нуркан койдуруп.
— Кел байбиче, оозант — деп,
Эмчегиң салып сордуруп.
Салары менен Нуркан жан,
Өпкө боорун тик тартып.
Өлүп кеттим кантем деп,
Чыдай албай энеси,
Ыйлап турат чыңырып.
Бурчулдаган кара кан,
Нуркандын оозунан куюлуп,

Өпкөдөн чыккан кара кан,
Тап эмчегине келди жыйылып.
Абысын-ажын жеңелер,
Бала да мындай болобу.
Мындан мурун жеңелер,
Төрөп көргөн эмесмин.
Өпкө, боорум тамырын,
Кошо суурду эмеси.
Муну бал менен майга тойгузгун,
Тартараак эмер бекенби.
Көп эле бакырып ыйлап олтурса,
Баса калып эмизсе,
Байбиче өлүп кетер бекенби.
Баланын оозуна май салып,
Он айды көргөн баладай.
Оозун ачат тамшанып,
Ошентип ыйлап чыкты какшанып,
Эмизерден эси чыгат эненин.
Эми алдап соолап эмизип,
Абышка-кемпир экөө,
Бетин ачып көрүшүп.
Бетин ачып караса,
Беш кашкалуу көкүлү,
Кабакка түшүп жалтылдаи.
Күлө багып жаркылдап,
Бешигинин ичинде,
Нуркан ойноп турат жалтылдап.
Маалына жетип басты.
Үч жашарга чыкканда,
Молдолукту үйрөндү.

Эшим карыганда ушул баламды, колуктулуу кылсам экен — деп, жалгыз кыздуу киши издеп кетти. Казак, кыргыз экөөнөн жалгыз кыздуу адамды таба албады. Авган деген шаарга келип бир самоорчуга түшүп калды. Ой самоорчу, бир түзүгүрөөк оокат кыл жакшылап — деди. «Жуда жакшы оокат кылып берем» — деди.

«Аксакал мынча арыктап, эмине кылып жүрөсүң? »— деди.

«Жалгыз уулду болгонмун, жалгыз кыздуу адам таба албай жүрөмүн» — деди. «Ойпирим! Сен жалгыз кыздууну таба албай жүрсөң, бизде Сатар деген бай жалгыз уулду кишиге кызымды бекер беремин деп мына бу самоорчуда отурат» — деди.

—Эми азамат, мен ошого барайын, экөөбүздү беттештиргин,— деди.

Жүр эмесе анда — деп самоорчу Сатар байга алып барды.

Эшим бай Сатар байга салам айтты.

Сатар бай алик алды. Ордунан жылып орун бошото берди.

Амансыңбы Сатар бай! Карыганда бир уул көрдум, кызың барбы деп айталбай...

— Менде кыз бар Эшим, бирөө катын албаса, бирөө эрге тийбесе койсун, экөөбүзгө эмне азап. Мен кудайдан сураганда, кыз болсо өзүм үй тигип, калың жебей бекер беремин дегемин. Эми балаң нече жашта деди. Эшим айтып жатыр:

—Балам быйыл он үчкө чыкты.

—Балаң жакшыбы.

—Баламды карыганда көргөм, эрке, эми ушу күндө коюндан чыга элек, «тили чүчүк, мурду бучук, көзү кыйшык».

Ай Сатар, байым! Мен баламды жакшы деп сонунан айыбым чыкпасын.

—Сенин кызың кандай, канча жашта?

—Менин кызым быйыл он төрт жашта, бели кайдай, бети айдай, аты Аваз, окуганы кагаз, дүйнө сарамжалды үйө баккан, адамды карап күлө баккан —деди.

Эшим айтты:

—Баламдын тили чүчүк, мурду бучук, көзү кыйшык болсо тиер бекен?

Сатар бай айтты:

—Тилимден чыкпайт бар десем, туйгундай тоодак көтөрөт, ушу шилтеп ийип ал десем. Мен беремин, бирөө жакшы, бирөө жаман болсо мейли. Экөө барабар тең болсо, бир жаман жерден сөз тиет, жалтылдап ойноп олтурса, бир жакшы адамдан көз тиет. Менин ырас эле издеген күйөөм табылып, алганын мыкты болгон соң, жаман эркек жаңырып, баламдын аты Нуркан, кызымдын аты Авазхан, тырмагы аппак акактай, тиши тизген жакыттай, айнектей бети жылтылдап, мамыктай эти былкылдап, мунун күлгөнү жакшы шыңкылдап, оңолтор Нуркан балаңды.

Эшим айтат:

—Мага ырас бере турган болсоң, калың бычып бер, калың бербей да кыз берүүчүбү деди. Анда Сатар бай айтат:

— Ырас, эси жок Эшим экенсиң!
Менин Авaздан башка балам жок,
Менин адырда жаткан малым көп,
Калың деп айтып не кылам, Эшим.

— Сенден Нуркан, менден Авазхан кызым, экөөбүз сеники, меники дебей:

Молдо Нуркан күйөөбүз,
Балабыз бар деп жүрөбүз.
Мени менен кошо жүрүңүз,
Байлыгымды билиңиз.
Барча буулум тонумду,
Байкуш Эшим кийиңиз.
Капа болбой жүрүңүз,
Атың арык аксаса,
Менден абыдан жорго миниңиз.
Калың жебей кыз берем,
Байлыгымды билиңиз.

Эшим айтты:

— А, кудам Сатар бай,
Барбаймын деп айта албай.
Барып келейин,
Келиним Авазды көрөйүн.

Көп жаткызба, бир күн түнөп жөнөйүн. Менин чыкканыма үч жыл үч ай болду, балам Нурканды бачым барып көрөйүн, — деди. Сатар бай Эшимди алып жөнөдү. Үйгө мейман барат деп Авазга атасы кабар жиберди. Камынды Аваз үйдү тигип, салды орунду, көрпө төшөк күбүп, кандай мейман келер экен деп, Аваз эрдин түйрүп, энесин карап кашкайып күлүп, кызмат кылган кызматчыларды аярлаган, жетимиш түрлүү тамакты даярлаган.

Атасы Сатар барып калды,
Сарамжалын көрүп,
Эшиктерин чалып калды,

Эшимди киргизди асыл үйгө.
Атасы Сатар барды өз үйүнө.
Кыз Авазхан байга жеткен,
Алдына алып атасы эркелеткен.
Кайнатаң жарды, күйөөң кыйшык,
Мурду бучук, тили чүчүк,
Барасыңбы чырагым ушуларга?

Аты Нуркан күйөөңдүн.
Кайнатаң аты Эшим.
Калың жебей беремин, дедим өзүм.
Жалганы чыкпасын балам сөзүм,
Атасынын алдынан туруп кетти,
Аваз уялгандан.

Жигитке эрте чай кайнат деп шыбырап айтып үйгө кайтты.
Чай кайнатып кантын берди,
Орун салып уктасын деп этин берди.
Кыздын басып бараткан элесин көрдү Эшим.
Балама ылайыктуу экен деп кубана берди.
Кудасы Сатар бай жатаарда келди.

—Сатар бай, тил алсаң кайтар мени, кедей Эшимге куда кылды Сатар бай сени.

Издеген жогум табылды.
Кудай ашык кылды багымды.
Нуркан чырагым!
Аваз Нурканымдын ынагы.
Бүгүн жөнөт кан кудам!

—Ой, Эшим,
Беш күн жатып, сыр айтышып,
Бир-бирибиздин жакшы-жамандыгыбызды билишелик,
Беш күн да болсо каткырышып күлүшөлүк.

—Жок, Сатар кудам,

Мулла Нуркан жаны бирге Авазды көрсүн,
Кедейлик, камынамын кийим кийсин,
Кайнатасы бай Сатар, өз атасы кедей Эшим.

Эшим курсант болуп, жөнөйүн — деди. Сатар бай жоргосун токуп, кийим-кече кийгизип беремин — деди. Курган Эшим жөнөмөккө камынып калды. Арзыткан дүйнөсү Сатар байдан табылып калды. Асыл тандап кийит алып, Сатар байдын ага-иниси жабылып барды. Асыл мыктуу тонун жанга салды. Ичи жибек, тышы күмүш, кемер курду белге чалды. Эшим бай кулдук уруп, курсант болуп тердей калды. Ордунан туруп, эски чечкен өзүнүн киймин тиктей калды. Куржунга жыкай толуп, Нурканга кийим салып көтөрүп жигит жалаң, жоргого арта салды.

«Нуркан мыкты болсоң эрте келгин» деп, Авазхан катка салды. Көзү жакут, билеги алтын, бир шакекти чыгара салды. Бир жигитке айтып: «Аманат ушу шакек, мулла Нуркан алсын деп, аты жок колго салсын деп». Эшимге жигит апарып берди. «Менден курсант

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

болуп калсын деп, мулла Нуркан күйөөбүз, абыдан мыкты эр болсо, жалтанбай эрте келсин» — деп. Эми Эшим Сатар кудасынан жөнөдү.

Сатар байдын жоргосун минип салдырып,
Буулумтон жондо жаркылдап,
Темир така чоюн мык,
Жоргонун аягында жаркылдап,
Буладай болгон ак сакал,
Ээгинде чубалып.
Нурканды берген кудайга,
Эшим ыраазы болуп кубанып.
Кедей элем бай кылды,
Келишкен Сатар жан кудам.
Кийгенин буулум жай кылды,
Кедей Эшим көңүлум,
Келиним Аваз жай кылды.
Ойлонуп барат эр Эшим,
Ар кайсы акыл имерип.
Айланам мулла Нурканды,
Барарым менен жиберип.

Эшим Авган шаарга барды.

— Ак жолтой болгон сен элең
Балама зайып табам деп.
Арыктаган мен элем,
Куданы тапкан сен элең.
Чал жүр деп жорго мингизди,
Жонума торко кийгизди.
Кийиттен алып калыңыз,
Жоргомо отту салыңыз.
Сатар бай сонун бай экен,
Баламды барсам жиберем.
Сиз жолдош болуп барыңыз,
Качан да келсе Нуркандын,
Кабарын сурап калыңыз.
Жатты Эшим а жерге
Сунган бутун тарткан жок.
Жумган көзүн ачпады.
Бая кедей Эшим кийинип,
Эл көзүнө көрүнүп.
Кудасы Сатар бай болуп.
Турарга Эшим зеригип.
Кече келип турганда.
Чапаны жыртык жок ойрон.
Чочудум эле өлөр деп.
Кудасы мыкты Сатар бай,
Кийим-кече белендеп.
Байлыгымды билсин деп.
Барпыраган жоргому,

Байкуш Эшим минсин деп.
Жардылыгын жашырып,
Бир каткырып күлсүн деп.
Кайран Эшим жан кудам,
Капасы жок жүрсүн деп.
Эртең менен болгон соң,
— Ой, самаварчы бечара,
Канча акчаң чыкты мен үчүн.
Кабарын көрүп берейин,
Атымды токуп азамат.
Асан менен жөнөйүн.
Атын токуп даярлап.
Жеми менен жанучка.
Жеген палоо жайыңыз.
Жыйырма сомчо болду деп.
Чөнтөгүнө кол салып,
Кават калат ак теңге.
Бүктөй кармап сомдолуп.
Эсептебей алгын деп,
Оздукту салгын деп,
Ашыгырак болду деп,
Самаварчы чөнтөккө салып сүйүнүп,
Атты көздөп жүгүрүп,
Аткарды Эшим байымды.
Эшим жөнөп кеткен соң,
Эсеп кылып олтурат,
Палоосу менен чайыны.
Эшим аттанып кетип баратат,
Ээн талаа эрме чөл,
Каракчы күзө тозгон жер,
Карлары терең каван бел,
Аман өтсөм экен деп,
Эртең балама жетсем экен деп.
Оозун жыйып теминип,
Калың элден бөлүнүп.
Калба катар ээн жолдо,
Эшим барат кийрилип.
Эчтеме менен иши жок,
Жолунда душман киши жок.
Иши оңолгон Эшимдин.
Чарчабай жорго жүрүшүп.
Жарык кийген Эшим бай,
Каткырыктап күлүшүп.

Даван ашып, эртерээк элге жетсем, — деп Эшим бай камчы уруп калдайган казак элине барды:

Киндик кесип кир жууган,
Чоңойгон өзөн жерине.
Айың кылды көп казак,
Жорго минип келди деп.
Кедей Эшим байкуш,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Бул эмине көрдү деп.
Жоргону жыйбай салдырып,
Салам айтат көп казак.
Чарчабай жорго миниптир,
Чалкалап торко кийиптир.
Издеген жогу табылып,
Баякы итейген Эшим жаңырып,
Эшим бай келди үйүнө.
—Атаңдын көрү байбиче,
Агар алтын ак күмүш,
Өлбөгөн кулга табылат.
Атымды алып байла деп,
Күлүп келди Эшим чал.
Балам Нуркан кайда деп,
Билип кирди Эшим чал.
Алганы сүйлөйт оолугуп,
Сен эмине сүйлөйсүң,
Тобо десең болбойбу,
Калың казак элине.
Балаң молдо Нуркан жан,
Ымам болду билбейсиң.
Чоң мечит салган көп казак,
Башына селде оронуп,
Азанда элди ойготуп,
Жарды да болсо Нурканды,
Жаңырталы көп казак.
Ымам кылган мечитке,
Алик алды атасы.
Бечеттеген ак кагаз.
Баласы мулла Нурканга,
Кармата берди жиберип.
Аңтарып ичин караса,
Үйгөн таштай үйүлгөн.
Каш кабагы чийилген,
Тасмадай бели ийилген.
Аңыз шыйрак алма баш,
Акак тиштүү кара каш.
Адамды карап күлбөгөн,
Ургаачыдан боору таш.
Буудай өңдүү ак саргыл,
Сепкили жок ак жүздүү,
Чекири жок кой көздүү.
Ак кагазга салыптыр,
Авазга сулуу көргөздү.
Нуркан кагазды көрүп кубанып,
Ушул айтканы:
Жалганы жок чын болсо,
Барып алсам ылайык.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кагазын окуп кубанып, кайната берген кийимди кийинип, кайран Нуркан жаңырып, Аваздын берген шакегин, аты жок колго салынып, Нуркан бешимди коюп белсенип, мен да күйөө болсом деп, бек уулундай теңселип.

Бечера Нуркан оңолуп,
Кайнатаң берген бу жорго,
Кагылам Нуркан мингин деп.
Карып Эшим атаңдын,
Касиетин билгин деп.
Мен калың бербей кыз алам,
Кагылам мулла Нуркан жан,
Кайнатаң Сатар сонун бай.
Ала турган колуктуң,
Асмандан чыккан чолпондой.
Эртең курдашың болсо жыйыңыз,
Кагылайын Нуркан жан,
Атаңдын тилин алыңыз,
Бүрсүгүнү кайынды көздөй барыңыз.
— Балам Нуркан мулла,
Же жетелеген атым жок болсо,
Же айдаган малым жок,
Же артынган булум жок.
Авган шаарынан көчүп,
Мен кыз издеп жүрсөм,
Ал күйөө издеп жүрсө,
Кедеймин десем болбой ээрчитип,
Жоргону мингизип,
Торкону кийгизип,
Жакшы кылып жөнөттү балам мени.

Кызынын күйөөсү сени кантип жаман көрсүн, абыдан жакшы көрөт. Атанын тилин Нуркан алды.

Жөнөмөк болуп калды,
Каирде бай казактын,
Балдарын көздөй салды.
Намызды казак кетирбеңер,
Нары жарды, бери жаңгыз,
Жоргоңор болсо мингиле,
Мага жолдош болуп жүргүлө.
Алган намыз меники,
Кедей Эшим баласы.
Келинди кайдан алат деп,
Кетирген намыз сеники.

Нуркан а жакка чапты, биякка чапты. Тилин алган курбу курдаш казактан бешти тапты. Нуркан жөнөмөк болуп, мал айдабасак дагы жеңе-желпиге бергидей акча таап алалык деп, бай манапты кошумчага айтты.

— Ап балам берелик,
Асты жүз сом тапты.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Бирер казак бербесине алып калп эле айтты. Жанында он беш жигит, кошумча бер деп элди көздөй чапты. Казак жардам кылып акча берди. Бир миң, эки миң сомду элге бөлдү. — Эл каргышын көтөрүп, байлыгына барбаймын.

Жүздү Нуркан чалга салып, он беш жигит мыктуулар жолдош алып, ошо жылы Нуркан он төрткө жаңы чыккан. Камчыдан башка кайран төрөмдүн жарагы жок. Кандын уулу алам десе бербей койгон, кайнатаң табар Авазханды.

Көрөсүң Нуркан жолуң тосуп сабашканды,
Нуркан аны угуп күлүңдөдү.
Жолдошторун бек бастырып жүрүң деди.
Коркпогула менден кичүү иним деди,
Алса Сатар байдын кызын алар,
Биздин кайсы калың жеген малыбыз.
— Жоргомду миндиң улуу ага,
Катылбас жолду тозгон алар мага.
Катылам деп каршылык кылса,
Калар душман бир балаага.
Ойпирим ай, жолдошторум сөзгө бекпи,
Эрлигим билгиле жолдоштор,
Эрке Нуркан. Энем тууру менен эмчегин эмсем каны чыккан.
Удаа-удаа соро берсем жаны чыккан.
Жүрө бергин жолдоштор күлө багып,
Мурда башын аламын деп малы чыккан.
Башка күйөөгө беремин деп айтса,
Кандын уулу жаны чыккан.
Алыстан мылтык атпай бет келишсек. Кыз аларбыз.

Мал бердиңби? бул бердиңби? деп сурарбыз. Ачуусу келип он беш кишини кудай алсын деп чаап жиберсе, көрөрсүң жигиттер өнөрүн.

Алар да айланар жандын өлөрүн.

Жанында он беш жигиттин кепке чечен мыктуусу, акылы бар жуттуусу Нурканга кеп айтып тур:

—Нуркан кыз алам деп кызыгып,
Бизди кыргызганы турасың.
Авазхан катын алам деп,
Бизди бир айдатканы турасың.
Ачуусу болот жолборско,
Бизди жайнатканы турасың.
Же жонунда жарак кылыч жок,
Кантип барып тиесиң.
Же айбалта, найза жарак жок,
Калдайып аткан кошунга,
Кантип жаңгыз киресиң.
Кагылам Нуркан эси жок,
Катынымды алды деп,
Калың эл жыйып жол тоскон.
Таласа тарпың коёбу,
Жаласа канга тоёбу,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Жүрү Нуркан кетебиз.
Нуркан ачуусу келип:
—Кетсең кет, он беш жолдошум,
Абалтан эле жаңгыз болчумун.
Бир ата бир энеден.
Эми кызыл манат тердикти,
Колунда жарак болгон соң,
Кыздар кылат эрдикти.
Кара макмал тердикти,
Колунда жарак бар болсо,
Кайкап аткан кошунга,
Мен эмес катындар кылат эрдикти.
Кайткыла, кагылайын агалар,
Кайнап аткан кошунга,
Качырып жеке кирейин.
Эрлигимди караңар.
Эр деп жолдош кылгамын,
Элимден жолборс жыйгамын,
Эсиңер чыкса кеткиле.
Эсен-аман тууганым,
Эрте эле жаңгыз тургамын.
Катын алып берем деп,
Карыганда атам издеген.
Сен ким десе биз деген,
Душманды төөдөй тиз деген.
Туягым мулла Нурканым,
Калдайып душман көрүнүп,
Каалап алган жигиттер,
Кайта аркасын карап бөлүнүп.
Кайната берген жоргого,
Кайран мулла Нуркан жан,
Камчыны урат керилип.
Кайыр жолдош аман бол,
Калдайып аткан душманга,
Кайран бек жөнөп кетти бөлүнүп.
Бая жекеге чыккан баатырдын,
Астынан чыкты керилип,
Нуркан салам айтып жиберди,
Ай агалар, аманбы,
Кайда найза кылычың,
Немине кылып турусуң.
Ага, кайсы бектин уулусуң,
Бала Нуркан көргөндө,
Жолго келген баатырлар,
Зей күйүп чок болуп,
Нуркан баатырды көргөндө,
Кан буугандай токтолуп.
Агалар, элчиге өзүм келе атам,
Эстеген жоонун биримин,
Качырып душман кез келсе,
Кажашкандын биримин.

Мен ойноп күлүп жүрөмүн,
Ортосунун биримин.
Бул эминени тоздуңар?
Камчы чабар канкорлор,
Кылыч чабар кыйдылар.
Жаңгыз киши миң кишиге кирип майдан салды,
Тирүү турган муну көрүп айран калды.
Бут көтөрүп майданга кирип жатат,
Кан кечкендей кылычы тилип жатат.
Качырып Нуркан майданга кирип жатат,
Тушоор бешимде кача баштап,
Минген атын жүрө албаса, таштай качып,
Жөө токойго кире качып,
Кайран мулла Нуркан жан,
Майдан кылды.

Ойлонуп он беш жигит токтой калып, атты жыйды. Ал күнү таң атканча элге турду.

Чапкан сайын чарчабастан күч алышкан.
Колуктусу өзү көргөн мулла окуп көргөн, бир даанышман.
— Карагым Нуркан келсин — деди.
Камап алган көп адамын берсин деди.

Нуркан жайсаңын көтөрүп, калың элди бүлүк салып, жаман кырамын деп: «Мен жаман айтпасам буга, бирөө тизгининен алып бирөө айбалкалар башка салып, мен эмине кылайын буларга, айлына да бүлүк салайын. Калың жебей кайнатасы берген экен Нурканга. Кудалай айтамын деп айта албады.

Жеңе балдыз басып келип,
Адашкан кары Аваз таанып көрсүн.
Жайын берип кырк жигит жөнөй берди.
Бай Сатар сурады эле,
Айтканы жок он беш жигиттин,
Биридир деп жөнөй бердик.
Он беш жигиттин не биринде жаманы жок, мыктуу балдар,
Сүйлөшкөнү адамга ыктуу балдар.

Байбиче кыз-келинди жөнөтүп, баргын жөнөгүн деп, Аваз айнектей бетин таранып, атилес кийип боюна, ак туйгундай таранып, жибектей чачы чубалып, жигиттер көрсө кубанып, жеткилең сулуу Авазхан, Нуркан жанга ылайык.

Мойнуна атыр куюнуп, болбогон кыздардын бары жогу жыйылып, айдай бети жаркылдап, алтындан кылган бай тумар, омуроодо жаркылдап.

Ак буладан көйнөгү,
Этеги жерге чубалып,
Алтын жака бешманты,
Султан байга кыналып,
Айдай Аваз сулуу кыз,
Мулла Нуркан астына,
Басып барды буралып.
Болчу күйөө ушу деди.

Бирөө айтты тили чүчүк,
Мурду бучук, көзү кыйшык, ал эмес го деди.
Кырк жигит Сатарды көздөй жөнөй берди,
Он аттуу казак жигит келди.
Кайгысы жок каткырып күлүп келди,
Кайсы экенин биле албадык,
Мында майып адам келгени жок.
Сөзгө чечен акылы бар,
Мээси толук бир жигит сүйлөй берди.
Болсо күйөө Нуркан энди деди,
Бар чай алып барып, мейманды сыйла деди.
Сатар байдын күйөөсү кайсы деп сура деди.
Камынды кайын энеси самаварга,
Жетимиш түрлүү тамак салып, алып баргыла балдарына.
Алпарды жигит дасторконду камынышып,
Аваз, Нуркан бирин бири сагынышып,
Аваздын күйөөсү келди деп,
Кыз-келин келип турат Авазга жабылышып.
Он беш жигит оолугуп күлө берди.
Кедей Нуркан кебин айтпай сүйлөбөдү,
Кел кудалар сыр айтышып туралык.
Сатар байдын күйөөсү кайсыныңар?
Кайсың деп да болсо сурап туралык,
Кедей Нуркан кабар чырактай жанып турат,
Кайгысы жок каткырып жанып турат.
Кырк жигит астын тосуп барды,
Олжодон алган аттарды астына салды,
Он беш жигит ура пара келди.
Салам айтты мулла Нуркан, кырк адамга,
Алик алып кырк адам сүйлөп ийди.
— Сатар байдын күйөөсү кайсыл эле,
Сатар байдын күйөөсү келгени жок.
Малды айдап жөнөй бер деп бергени көп,
Астынан каршы чыккан душмандын өлгөнү көп.
Бир жигит озунуп сүйлөйт кубангансып,
Кырк адамдан уялгансып.
Качан келет мулла Нуркан,
Кудалар бара берип түшө бериң.
Астын тосуп алып баралык күйөөбүздүн.
Мулла Нуркан айтат:
— Кыз тозбосо көрүнбөйдү,
Өзү жашык, тили чүчүк,
Мурду бучук, көзү кыйшык,
Кала берди артыбызда уялгандан.
Атын айдап жөнөй берди кубангандан,
Сатардын берген жоргосун таанып турат.
Атанын берген жоргосун бирөөгө берген,
Бакандай акылы жок жаман күйөөң.
Караса он беш баладан,
Бирөөдө мурду бучугу жок, баары да чолпондой.
Барып калды Сатардын айлына.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кайран Нуркан жетип келди кайнына.
Көтөргөн үйдө кырк жигит,
Эшик ачып киргизе берди.
Көп жигит Нуркандын, сүйлөгөнүн сонун көрдү.
Болду ат тарталы жөө жетелейлик,
Койсун эми урушун талашын деди.

Нуркан айтты:

Кандын уулу күйөө болсо өзү барсын,
Зордугум жок кедей Эшимдин баласымын.
Он беш жигит атын жыйып, багып турат кубангандан.
Нурканга келбей турат, он беш жигит уялгандан.
Тартты Нуркан үйдү көздөй,
Малды жыйып, элди кырып,
Он беш жигит жолго турду.
Ачуусун келтирип канча адамды.
Канча адамды өлтүрүп,
Каарланып капа болуп келе атат.
Коркконунан он беш жигит араң турду.
— Ассалоалейки жан агалар,
Жаным калды жолду тозгон бир балаадан.
Жүргүлө жолдош болсоң,
Кайнатам Сатар байга баргын.
Бирөө коркконунан, бири уялгандан:
Сатар бай, Нуркан күйөөң келе атат деп,
Кабар айтамын деп, бир жигит жөнөп барат кубангандан.
Кабар укту Сатар бай күйөөнөн.
Кырк жигитти жолун тос деп жумшады.

Кырк жигит шылдың кылба. Көрсөң Нуркан тили чүчүк, мурду бучук, көзү кыйшык бирөөнүн эркеси эле.

Аваз басып барды үн чыгарбай,
Мулла Нуркан жанына.
Ыргып конду чымчыктай,
Оң жагына отуруп.
Он эки мүчө кабырга,
Оюп койгон эмедей.
Кырк кабырга сүйбөсү,
Кыйып койгон немедей.
Аваз жан келди буралып.
Мулла Нуркан Аваздан,
Бир-бирине ылайык,
Экөө отурган жерде кыналып.
Асыл мулла Нуркан жан,
Колун арта салды мойнуна.
Аны менен тим турбай,
Алмасын кармап койнунан.
Алтын жагоо седеп таш,
Асталап өйдө көтөрүп,
Нуркан өбүп жатат мойнунан.

Бир көзү кыйшык деди эле,
Мурду бучук, тили чүчүк деди эле.
Мурду көзү таза экен,
Эми тилин угалы деп,
Күбүрөшүп турганы.
—Нуркан, сүйлөчү тилиң угалы,
Жеңеңиз бир кумардан чыгалы,
Нуркан айтчы кебиң билели,
Армансыз ойноп күлөлү,
Курдашың Аваз сулуу кыз,
Жеңең, балдыз эркелеп.
Маңдайыңда турубуз.

Мулла Нуркан добуш берип сүйлөп ийди:

Курдашым Аваз, сенсиңби?
Жашың бирге теңсиңби.
Ботодой көзүң жайнатып,
Булбулдай тилим сайратып,
Төшүңдө алмаң карматып.
Кедей Эшим баласы,
Айдап келген малым жок,
Арынан келген булум жок.
Сүйлө дейсиң жеңелер,
Неминени сүйлөймүн.
Жанымда он беш жолдошум,
Жеңе балдыз жол болсун.
Сел арман кылып турамын,
Аваздан сулуу ынагым,
Ата-энем кошкон убагым.
Жеңелер менден
Эмине кепти сурадың?

Бир жеңе туруп:

—Айып көрбө Нуркан жан,
Аңгеме кылган кебимди.
Аралап көргөн эмесмин,
Алты уруу казак элиңди.
Жайып келип олтурам,
Кыздарым менен келинди.
Нуркан угайын деди тилиңди,
Коңгуроодой үнүңдү.
Кейигенден сүйлөдүң,
Кагылам мулла Нуркан жан,
Келтирбе бизге жиниңди.
Самаварын кайнатып,
Дасторконун жайнатып,
Сыр аякка бал куюп,
Сырттан кесип жал коюп,
Кара аякка бал куюп,

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Кары п күйөөм сенсиң деп,
Кар энеси байкуш,
Казы  кертип жал коюп.
Жетимиш  түрлүү тамагын,
Батыныска  жайнатып,
Бир келинге  карматып,
Орунун   сонун жайнатып,
Дастокон  койду астына.
Таалай ашып Нуркандын,
Далай  келин, далай кыз,
каткырык салды кашына.
Кабагын ачып каткырып.
Кашын серпип күлүңдөп,
Кашкардын кемчет кундуз бөрүк,
Жеңелери  колтуктап, кийирди Нуркан башына.
Он беш жигит  ойлонуп,
Олтурду келип жанына.
Же калың айдап мал бербей,
Кашкардын кемсе, кундуз бөрүк,
Кийгизип жатат башына.
Айдай болгон Авазын,
Ойнотту Нуркан кашына.
Жеңелер күбүн-жүбүн кылып:

— Аваздын алда канча алды мыкты күйөөсү бар экен. Оң бөйрөгүн таянып, ойлонуп Нуркан олтурат.

Жардылыгын билгизбей,
Жалтылдап Нуркан олтурат.

Аңгыча болбой — «кызымдын, күйөөсү абдан жаман дечү эле» деп, Нуркандын кайын энеси тушунан шыкаалап карап турат.

Караса канжарынан кан тамган,
Кабагын ачып калкылдап.
Көзүн ачып жиберсе,
Айнектей көзү жылтылдап.
Эңкейе түшүп кеңешип.
Мулла Нуркан Аваздын.
Чынардай бою тең өсүп.
Айы менен күнүнүн
Бирөө менен бүтүлгөн.
Алтын менен күмүштүн.
Чирөө менен бүтүлгөн.
Карып Эшим, Сатар бай,
Тилегинен бүтүлгөн.
Аваз асмандын тийген күнүндөй.
Нурканды карап олтурса
Бейиштин күлгөн үрүндөй.
Ыраазы болуп энеси,
Кайта үйүн көздөй жүгүрдү.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

— Жаман деген Нурканың,
Жакшынакай турбайбы.
Кедей деген Нурканым,
Келберсип ойноп турбайбы.
Келбети жакшы Авазга,
Келишкен күйөө турбайбы.
Кыз менен күйөө ылайык.
Сатар байдын астына,
Байбиче барды кубанып.
Күйөөсү экөө барабар,
Сатар бай эми,
Жөнөтүп ийсек ылайык.
Көрпө, суурдан көбөйтүп,
Көйнөк, ыштан кийгизип.
Көңүлүн ачып күйгүзүп.
Көмкөргөндөй соорусу.
Ала качма тоң майын.
Абыдан жарды мингизип.
Ак өргөө тигип үй жасап,
Аваз жан Нуркан экөөн,
Үйүн кылып берейин.
Тилимди алсаң Сатар бай
Баламдын энчисин кошо бөлөйүн.
Эрикбесең Сатар бай.
Мен да кызым ээрчитип барып келейин.
Атайын Эшим кедейдин,
Бир ал-абалын көрөйүн.
Балам Аваз жаңгыз кыз,
Мунун самаганын берейин,
Калың жебей кыз бердиң.

Элди жыйып үйдү кылып, никени кылып, адилес жууркан кыйып, бордотуп ак үй кылып:

Төөгө жүгүн жүктөтүп,
Көргөндүн баарын тиктетип,
Жөнөттү Сатар үйлөрүн.
—Кур калба, он беш жигит,— деп.
Абыдан сонун кийдирип,
Төө менен жөнөттү,
Он беш жигитин.
Мулла Нуркан, Авазды,
Ал түнү отко киргизип.
Экөөнө аябай жорго мингизип,
Буулумтон сонун кийгизип.
Мурдагы кедей Нурканды,
Мырза кылып жүргүзүп.
—Айланат Аваз, чырагым,
Атаң менен энекең,
Өрттөнө жаздап турамын.
Же астында калган агаң жок,
Же сенден кийин эрмек кылар балам жок,
Жер арканда жүргөн иниң жок.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Авазган сени жиберсем,
Ичим жалын боорум чок.
Алдың Нуркан Авазды балам,
Ай сайын жазгын кагазды.
Сагынсаң келип жүрүңүз,
Эртең жөнөп кетесиң.
Эки жылда келбесең,
Эрке Аваз чырагым,
Энең менен атаңдын,
Немине болот күнүбүз.
Авазган Нуркан чырагым,
Айнектей болгон Авздан,
Нуркан акиреттик ынагың.
Ай сайын эрте келип жүр,
Ата-энеңди көрүп жүр.
Айланам Нуркан чырагым,
Уктабай таңды атырдым,
Санабай жылдыз батырдым,
Кайгырбай күлүп каткырдым.
Кайын энең менен Эшимде,
Аркадан жазып кат кылдым.
Экөөнө жорго мингизип,
Барабар торко кийгизип.
Алтындан кылган жаң кемер.
Бел курчоодо жаркылдап,
Алпаратат Авазды.
Ай тийген тоодой жаркылдап,
Жөнөдү Нуркан элине.
Кайнатасы сонун бай,
Кандай бек болсо сүйлөшөт.
Кайран Нуркан корунбай.
Атасы Эшим кембагал,
Балам Нуркан келет деп,
Камдап турган тоюн ай.
Он төөгө жүгүн жүктөгөн,
Он беш жигит шарактап,
Килемдин учу жалтылдап.
Алтын чара, мис табак.
Атан төөнүн үстүндө,
Байлап койсо жаркылдап.
Он беш жигит келет деп,
Эшим тамагын кылып белендеп.
Балам Нуркан келер деп,
Жолду тиктейт элеңдеп,
Балам Нуркан келер деп.
Он төөнүн жүгүн түшүрүп,
Келин-кыздар жүгүрүп.
Казактын кемпир чалы үйүлүп.
Үйүн тикти Нуркандын.
Алты канат ак сарай,
Арымың ашык бир далай.

Көрпө төшөк киргизип,
Көздөй Эшим кедейдин.
Сатар байдын көз салганы билинип,
Эшим менен кемпири,
Жаны калбай сүйүнүп,
Коюн союп эт тартып,
Баарысынан бата алып.
Бай Эшимге аталып.
Үшкүрүп жүргөн Эшимге,
Үйү ылайык келишти.
Малы жок бакыр жүргөн Эшимге,
Малы ылайык келишти.
Байып калган Эшимди,
Баары казак көрүштү.
Карыганда көргөн баласы.
Мунун кадырын айтам карачы,
Сатар байдын Авазы,
Табышкан экен карачы,
Эшим, Сатар баласы.

Эми тоюн берип, мечитке барып намаз окуп, имам болуп турганда эки жагынан эки периште келип, намаз окуп, эл чыгып кеткенде, мулла Нуркан туруп, эшикке чыгып үйгө барамын дегенде, экөө эки жагынан «Сенин жаныңды алам» — деди. Нуркан: «Менин жаным керек болсо берейин, бирок карыган атаэнеме бир көрүшүп, анан кийин жанымды берсем экен» — деди.

— «А, периште, куданын жибергенин алып кел деген адамысыңар, туулганда өлгөн баламын» — деди. Периште айтты: — «Бар эне-атаңды көрүп, ыраазылык сура деди. Балам эмине кечигип калды, элдин баары бая эле келди — деп Эшим жолду карап олтурат. Бала Нуркан жолдун аягын бир карап, темтеңдеп эси чыгып келе атат. Атасы астынан жүгүрүп чыкты: «А Нуркан сен эмне аякты бир басып, биякты бир басып, карыганда көргөн чырагым, кадырдан Аваз ынагың».

Катын алып үй тигип,
Карып атаң Эшимди.
Камбай калган убагың,
Бияладай эки көз.
Маңдайыңдан жумулуп.
Алтын чырай нур бети.
Ак самандай кубулуп.
Аны көрүп атасы,
Тегеренип чыңырып.
Баламды коюп мени ал деп.
Жараткан акка сыйынып.
Нурканды коюп атасын,
Алмак болду периште.
Аябай оор чеңгелин,
Салмак болду периште.
Атасы Эшим кедейди,
Алмак болду периште.
— Өзүңдүн жаның өзүңө,
Менин өзүмдүн жаным өзүмө.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Айланайын периште,
Көрүнбөй кеткин көзүмө.
Айланайын, Нуркан чырагым,
Ажалдан мурун атакең,
Барамын деген убагың,
Бир пас ооруп куурадым.
Кандай кылсаң андай кыл,
Ыраазымын Нуркан жан.

Кача турган убагым — деп, атасы качты. Энеси келди.
— Кой эне, көрүнбөй кет көзүмө — деди, Нуркан. Атам кыла алган жок айланы.

Карыганда көрдүң ата-эне,
Кадырлуу Нуркан балаңды.
Кайран жаным өткөн соң,
Капа кылбай Авазды,
Өз колун менен ээрчитип,
Атасынын колуна.
Тапшырып кел балаңды.

Эми энеси тегеренип ыйлап, буркурап, муну коюп мени ал деп, кудайга көп мунажат кылып ыйлап жатыр. «Кемпир — деди периштелер, чеңгел урду, кемпир андан бетер: — «Өзүңдүн жаның өзүңө, Нуркан көрүнбөгүн көзүмө»,— деп качты. Эми кой жаш алган аялым бар эле үйүмө барып, төшөккө жатып, биз менен периште кошо барыңыз, Авазхан сулуу жарыбыз деди. Бала үйүн көздөй кетип баратат. Ата белден сызганда, эмесине түшкөндө, эзилген ысык кылгансың.— «Эрте эмне келбейт» — деп, эшикке чыкты Авазхан. «Аваздын көзүнө жаман көрүнүп, бул эмине капа болду — деп жандан ысык Авазхан, жанына барды ийрилип.

Немине минтип жүрөсүң?
—Жүргөнү курсун Авазхан,
Бар үйүңө барып орун сал деди.
Сен бир көрө турган сонун бар,
Жалтылдап сүйлөп келе атып,
О, Авазхан курдаш шоруң бар,
Мойнума алдым өлүмдү,
Ажалга туура турамын.
—Ала көрбө периште,
Азамат Нуркан бегимди.
Алчу болсоң мени ал деп,
Алакандай көзүнөн.
Ирмеп-ирмеп жиберсе,
Жидей болгон кара жаш.
Көлмөгүнө төгүлүп,
Жаным бирге Нуркандан,
Мен кантип калам бөлүнүп,
Алычу болсоң мени ал деп,
Нуркандын астына өлсөм жыргал деп,
Ыманын айтып турса деп,
Өлбөй кызмат кылса деп,
Акиреттик жарынын,
Ажалын мага бериңиз.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

Азамат Нуркан канымын,
Аламын десе жан мына,—

деп абыдан аста дил менен айтып жиберди. Периштелер чеңгел урду. Бүткөн бойду асыл жан периште бүрүштүрө тартты эми.

—О, айланайын периште,
Кыйналсын биздин жаныбыз.
Аман калсын жалганга,
Азил Нуркан каныңыз.
Адие кылдым жанымы.
Эртерээк сууруп алыңыз.
Бир төшөккө баш кошкон.
Ай менен күндөй окшошкон.
Акиретти болжошкон,
Айланам Нуркан каныбыз,
Астыга кетип баратат
Авазхан курдаш жарыңыз.
Кош эми, аман-эсен калыңыз,
Айланы таппай калдык биз
Арман кылба Нуркан жан,
Эми акыреттик жарыңбыз.

Тилден калып, акылдан танып, көзду сүзүп, Нуркандан күдөрдү үзүп, Аваз корккон жок өлүмдөн.

Ырайым келди теңирден.
Ырайым кылып жиберип.
Оңолмок болду Авазхан.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күлүмсүрөп каткырып,
Каш кабагы чийилип,
Ыргып турду ордунан,
Авазхан сулуу түйүлүп.
Ырайым кылды кудайым,
Ырыстуу Нуркан күйөөбүз,
Көрүшүп жүрөт экенбиз,
Бир-биримдин убайын.
Астыңа жөнөп келем деп,
Тартылган жок Авазхан.
Акиреттик жубайым.

Авазга кудай ырайым кылып өлүмдөн Аваз калды. «Сексенге Аваз чыксын, сексен бирге Нуркан чыксын, тамырлап балаң өссүн, бу дүйнөнүн жыргалын экөө көрсүн» — деп кудай ырайым кылды. Жыргап, куунап жатып калгандагысы ушу.

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

| | |
|---|---|
| Мунажат | — тобо кылуу. |
| Асан | — таңга маал. |
| Даван | — бел, ашуу. |
| Ак | —кудай. |

www.bizdin.kg электрондук китепканасы

# МАЗМУНУ

ЧЫГАРМАНЫН ФИНАЛЫ — ТУРМУШ ФИЛОСОФИЯСЫ ........ 5
НУРКАН ........ 6
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ ........ 27

*Адабий-көркөм басылыш*
«Эл адабияты» сериясы

**ЭШИМКУЛ МЕНЕН ЗУУРА, КҮЛБААРАМ МЕНЕН АСАН, НУРКАН, ЖАНТАЙ**
17-том

Түзгөндөр: *А. Жакыпбекова, С. Егимбаева, Н. Өмүрзакова, А. Кадырмамбетова*
Көркөмдөгөн сүрөтчүсү *Р. А. Исаков*

Басманын башкы редактору *К. Ишимканов*
Редактору *Р. Сакелова*
Сүрөт редактору *И. Васильев*
Техн. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *С. Карамолдоева*

ИБ № 997
Терүүгө 18.07.02. берилди. Басууга 26.09.02. кол коюлду. Кагаздын форматы 84x108$^{1}/_{32}$. Көлөмү 23,5 физ. басма табак, 19,64 шарттуу басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 2091. Келишимдик баа.
«Шам» басмасы
«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому
720005, Бишкек ш., Суванбердиев көчөсү, 102